




OSH STATE UNIVERSITY

**Ош мамлекеттик университети**

**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби**

**Россия жана Евразия интеграциялоо бөлүмү**



**“ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ЖАНА САНАРИПТИК ДИПЛОМАТИЯ” ПРОГРАММАСЫ**

**«Эл аралык мамилелер жана санариптик дипломатия» программасы – санариптик технологиялардын негиздерине ээ болгон эл аралык мамилелер боюнча квалификациялуу бакалаврларды комплекстүү даярдоону камсыз кылат.**

Программанын профессордук-окутуучулук курамы заманбап методдорду жана технологияларды колдонуу менен жетишерлик чоң педагогикалык тажрыйбасы бар жогорку квалификациялуу жергиликтүү жана чет элдик адистерден турат. Учурда программада 1 илимдин доктору, профессор; 3 илимдин кандидаты, доценттер; 1 PhD; 2 улук окутуучу; 6 окутуучу, Кореядан 1 окутуучу, ошондой эле Кореядан, Кытайдан жана Япониядан келген волонтерлор эмгектенишет.

Окутуу эл аралык программаларга жана стандарттарга ылайык кыргыз, орус жана англис тилдеринде жүргүзүлөт. Студенттер англис (немец) тили жана тандоосуна ылайык чыгыш тилдеринин бирин (корей, япон, кытай тилдерин) окушат, ошондой эле өнөктөш университеттерде окууга жана практика өтүүгө мүмкүнчүлүк алышат, ал эми окууну аяктагандан кийин магистратурада жана докторантурада окуусун уланта алышат.

Студенттердин күнүмдүк жашоосунун өзгөчө бөлүгүн маданий иш-чаралар түзөт, алар түрдүү иш-чаралар менен мүнөздөлөт: сынактар, КВН, талкуулар, элчилер жана саясатчылар менен жолугушуулар, кайрымдуулук акциялары ж.б.

## ПРОГРАММАНЫН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ:

- Студенттер "Эл аралык мамилелер" негизги адистиги менен катар эл аралык мамилелер тармагында санариптик технологияларды колдонуу боюнча кошумча көндүмдөрдү алышат.
- Студенттер мамлекеттик ишканаларда, эл аралык жана бейөкмөт уюмдарда, окуу борборлорунда жана коммерциялык ишканаларда практиканы өтө алышат.
- Билим алуу менен шайкеш студенттер Кыргызстандагы, Россиядагы, Кытайдагы, Турциядагы, Япониядагы, Кореядагы эң алдыңкы окуу жайларында академиялык мобилдүүлүк боюнча окуп келе алышат.

**ЭАББПЖМнин РЕИ бөлүмүндөгү ресурстук борборлор:**

**• Седжонг институту (Корея)**
**• Корей борбору**
**• Кытай борбору**
**• Жапон борбору**
**• Англис тили борбору..**

## ТАПШЫРУУ ҮЧҮН КЕРЕКТҮҮ ДОКУМЕНТТЕР:

**1. ЖРТ сертификаты;**
**2. Орто билими жөнүндө аттестат;**
**3. Арыз;**
**4. Сүрөт 3х4 (6 даана);**
**5. Паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк (эркектер үчүн аскердик каттоо күбөлүгү).**

«Эл аралык мамилелер жана санариптик дипломатия» багытына тапшыруу үчүн **Негизги тест** гана керек, кошумча предметтер талап кылынбайт.

**Маалымат алуу үчүн телефондор:**

**0555 82 83 04; 0552 535082; 0703548080**
**0773 84 84 22; 0771 44 6706; 0553202044**

**Сайт: www.hsiep.oshsu.kg**